КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI - сессиясынын № 80 Токтому**

**22-май** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Арал айылындагы Бүрго Баатыр атындагы "Арал" чек ара заставасынын жайгашкан жерин КР УКМК Чек ара кызматынын балансына өткөрүү**

Арал айылындагы Бүргө Баатыр атындагы "Арал" чек ара заставасынын жайгашкан жерин КР УКМК Чек ара кызматынын балансына өткөрүү боюнча тармактык туруктуу комиссиянын чечимин жана депутаттардын ой-пикирлерин , сунуштарын угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Арал айылындагы Бүрго Баатыр атындагы "Арал" чек ара заставасынын жайгашкан жерин КР УКМК Чек ара кызматынын балансына өткөрүү боюнча тармактык туруктуу комиссиянын чечими бекитилсин
2. Бүргө Баатыр атындагы "Арал" чек ара заставасынын жайгашкан жерин КР УКМК Чек ара кызматынын балансына өткөрүүгө макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин .
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайымдын орун басары** **Б.Сулайманов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI - сессиясынын № 81 Токтому**

**22-май** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Жайыт жерлерди ижарага берүү боюнча ижара акысын белгилөө жөнүндө**

Каракол айыл аймагындагы жайыт жерлерди ижарага берүүдө ижара акысын белгилеп берүү жөнүндөгү жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясынын төрагасынын кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылам:**

1. Каракол айыл аймагындагы жайыт жерледи ижарага берүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы № 515 токтому менен бекитилген "Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө" Типтүү Жобонун 1-бөлүмүнүн 4-пунктуна ылайык жүргүзүлсүн жана баштапкы (стартовый) баа 2000 сомдон, 5 жылдык мөөнөткө берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин .
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайымдын орун басары** **Б.Сулайманов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI - сессиясынын № 82 Токтому**

**22-май** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Каракол айыл аймагындагы Арал айылынын тургундарынын балдарды бала бакчага ташуу үчүн СПРИНТЕР автоунаасын алуу жонүндогү кайрылуусун карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылам:**

1. Каракол айыл аймагындагы Арал айылынын тургундарынын балдарды бала бакчага ташуу үчүн СПРИНТЕР автоунаасын сатып алуу жөнүндөгү арызы канааттандырылсын
2. СПРИНТЕР автоунаасын сатып алууга жергиликтүү бюджеттен 1500,0( бир миллион беш жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайымдын орун басары** **Б.Сулайманов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI - сессиясынын № 83 Токтому**

**22-май 2025-жыл Арал айылы**

**Зоналдык коэффициенттерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын салык кодексинин 388 жана 404-беренелерине ылайык турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар ошондой эле калктуу конуштардагы жана айыл чарба багытындагы эмес жер участоктору боюнча колдонулуучу зоналдык коэффициенттерди жана зоналдык наркты бекитип берүү боюнча талкуулап чыгып, Каракол айылдык Кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын ставка $К_3$ имараттар, курулуштар жана жер салыктары үчүн боюнча 2025-2027-жылдарга имараттар, курулмалар жана жайлар үчүн салыктары үчүн 1 деп белгиленсин
2. Тиешелүү токтом менен иш алып баруу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысы К.М.Мамажановго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 84 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

2025-жылдын 28-мартында болуп өткөн жер титирөөдөн жабыр тарткан Көпүрө-Базар айылынын тургундарынын арыздарын карап, түзүлгөн изилдөө актыларынын жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. 2025-жылдын 28-мартында болуп өткөн жер титирөөдөн жабыр тарткан Көпүрө- Базар айылынын айыл тургундары Райымбеков Тойгулдун, Намазалиев Амандын, Танабаев Абдынын, Рыскелдиев Бакайдын турак-жай оңдоого жардам сурап жазган арызы канааттандырылсын.
2. 2025-жылдын 28-мартында болуп өткөн жер титирөөдон жабыр тарткан 4 үй-бүлөнүн ар бирине 50,0(элүү миң) сомдон ( жалпы суммасы 200,0 миң сом) акча каражаты керектүү курулуш материалдарын сатып берүү үчүн жергиликтүү бюджеттин социалдык иш-чаралар бөлүмүндогү 4-кварталда өткөрүлүүчү иш-чаралар үчүн каралган (Аз камсыз үй-бүлөлөрдүн үйлөрүн камсыздандыруу , мугалимдердин кесиптик майрамын белгилоо , жаңы-жылдык иш-чараларды өткөрүү , айылдык кеңештин иш-чаралары үчүн бөлүнгөн акча каражат ) акча каражаттарынын эсебинен каралсын.
3. Бөлүнгөн акча каражаттарынын орду бюжеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгы менен кайра толуктәлсын.
4. Бөлүнгөн акча каражатынын максатуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча

тармактык туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Сарбагышевага милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 85 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Айыл тургуну Азаматов Калдыбек байбичеси Акматова Зулумбүнүн дарылануусуна акча каражатын бөлүү жөнүндөгү арызын карап жана талкуулап чыгып, түзүлгөн изилдөө актыларынын, врачтардын корутундусунун жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Арал айылынын тургуну Акматова Зулумбүнүн дарылануусуна жергиликтүү бюджеттин социалдык иш-чаралар бөлүмүнөн 50,0(элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 86 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Көпүрө-Базар айылынын тургуну Чолпонбаев Жусуптун 0,30 га жайыт жерди жашылдандырууга, Үч-Эмчек айылынын тургуну Сейталиев Чапайдын Көпүрө- Базар айылындагы №136 контурдан балык чарбасын өстүрүүгө, Арал айылынын тургуну Турдугулов Назирдин короо-сарай салуу үчүн жер тилкесин сурап жазган арызын карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Чолпонбаев Жусуптун арызы КР мыйзамдарынын талаптарына (сураган жери жайыт жер болгондуктан) туура келбегендиктен канааттандырылбасын.
2. Үч-Эмчек айылынын тургуну Сейталиев Чапайдын Көпүрө-Базар айылындагы №136 контурдан балык чарбасын өстүрүү үчүн сураган жер тилкесине (КР мыйзамдарынын талаптарынын негизинде тиешелүү юридикалык документтерин чогултуу, жерди трансформациялоо, жер комиссиясынын кортундусу менен конкурстук негизде берүүгө) айылдык кеңеш макулдук берет.
3. Арал айылынын тургуну Турдугулов Назирдин короо-сарай салуу үчүн жер тилкесин сурап жазган арызы жер тилкеси жөнүндө кортунду алып келгенден кийин жер комиссиясында каралып, айылдык кеңешке сунушталсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсотүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн жер адистери Ж.Иманкуловдон жана коомдук тартип жана уюштуруу маселелери боюнча жетектөөчү адис Т.Эсенамановдон суралсын.

**Төрайым Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 87 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин алты айлык аткарылышы жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин алты айлык аткарылышы жөнүндө маалыматты угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

**1.** Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин алты айлык аткарылышы "канааттандыралык " деп табылсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 88 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**“Каракол таза аймак ” МИ алты ай ичинде аткарган жумуштары жөнүндө**

“Каракол таза аймак ” МИ алты ай ичинде аткарган жумуштары тууралуу маалыматы угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. “Каракол таза аймак ” МИ алты ай ичинде аткарган жумуштары айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен “канааттандыралык” деп табылсын.
2. Токтомдун аткарылышы “Каракол таза аймак ” МИ жетекчиси Б.Сыдыгалиевден суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 89 токтому

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

### 2025-жылдын 12-июнунда "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын башкы инженери Омурбеков Медет Жакшылыковичтин катышуусунда болуп өткөн "Кыргызгеология " мамлекеттик ишканасына жумушка айыл тургундарын тартуу, кабыл алуу жана Талды-Булак алтын кенинде иштеп жаткан компаниялар менен иш алып баруу боюнча комиссиянын курамын жана отурумунун чечимин бекитүү жөнүндө

"Кыргызгеология " мамлекеттик ишканасына жумушка айыл тургундарын тартуу, кабыл алуу жана Талды-Булак алтын кенинде иштеп жаткан компаниялар менен иш алып баруу боюнча комиссиянын төрагасынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

**1.** "Кыргызгеология " мамлекеттик ишканасына жумушка айыл тургундарын тартуу, кабыл алуу жана Талды-Булак алтын кенинде иштеп жаткан компаниялар менен иш алып баруу боюнча комиссиянын курамы бекитилсин( Курамы тиркелет).

**2.** 2025-жылдын 12-июнунда "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын башкы инженери Омурбеков Медет Жакшылыковичтин катышуусунда болуп өткөн комиссиянын отурумунун чечими бекитилсин(Протокол тиркелет).

**3.** Отрумдун чечиминин аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрагасы, комиссиянын мүчөсү Молдокулов Бектурсунга милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Тилекова**

**“Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасына жумушка айыл тургундарын тартуу, кабыл алуу жана Талды-Булак алтын кенинде иштеп жаткан компаниялар менен иш алып баруу боюнча комиссиянын курамы**

| № | Айыл тургунун аты-жөнү | Туулган жылы, айы күнү | Кварталдын аталышы | Байланыш телефону | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанов Нурланбек Токтобекович | 08.11.1972 | 2-кварталдын өкүлү | 0701505855 | 1-отурум менен төрага болуп шайланды |
| 2 | Кадыркулов Ашырбек Абдыкадырович | 07.10.1965 | 3-кварталдын өкүлү | 0220349577 | |
| 3 | Оморов Жангазы Алыгулович | 28.03.1971 | 4-кварталдын өкүлү | 0550010971 | |
| 4 | Норузбаев Жылдызбек Турарбекович | 29.12.1987 | 1-кварталдын өкүлү | 0507878787 | |
| 5 | Молдокулов Бектурсун Майрамбекович | 09.11.1998 | Айылдык кеңештин депутаты | 0997555992 | |

**Айылдык кеңештин катчысы** **К.Ибраимова**

**“Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасына жумушка айыл тургундарын тартуу , кабыл алуу жана Талды-Булак алтын кенинде иштеп жаткан компаниялар менен иш алып баруу боюнча комиссиянын отурумунун № 2 Протоколу**

**12-июнь** **2025-жыл** **Арал айылы**

Отурумга Каракол айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдында түзүлгөн “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасына жумушка айыл тургундарын тартуу , кабыл алуу жана Талды-Булак алтын кенинде иштеп жаткан компаниялар менен иш алып баруу боюнча комиссиянын 5 мүчөсү айылдык кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү жана “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын башкы инженери Омурбеков Медет Жакшылыкович катышты. Отурумга протокол жазуу үчүн Каракол айылдык кеңешинин катчысы Ибраимова Калыйпа чакыртылды.

**Отурумдун кун тартиби.**

1. “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасына бош кызмат орундарына айыл тургундарын тартуу жана иштетүү шарттары жөнүндө.

**Угулду:** Комиссиянын төрагасы Асанов Нурланбек Токтобекович отурумду ачык деп жарыялады. Сөз кезегин бош орундары боюнча маалымат берүү үчүн “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын башкы инженери Омурбеков Медет Жакшылыковичке берди.

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Бизде чалгындоо иши 2025-жылга 5000 метрге белгиленди. Бүгүнкү күндө бизге

1. помбур -8 жумушчу
2. бульдозер айдоочу (2 кубдук) - 2,
3. экскватор айдоочу ( 2 кубдук) – 2,
4. керн ташын кесүүчү - 2 адам,
5. механик -2 адам ,
6. Күйүүчү май ташуучу атайын автоунаага (топливозаправщик)– 2 айдоочу,
7. суу ташуучу атайын автоунаага - 2 айдоочу ,
8. Маркшейдер – 2 орун;
9. Медициналык кызматкер – 2 адам;
10. Ашпозчу – 2 адам керек.

Бизде техникалар баардыгы жаңы. Бизге да иштей ала турган техниканы күтө ала турган айдоочулар керек.

**Сөз кезегин алган комиссия мүчөсү Молдокулов Бектурсун Майрамбекович –** Айылдагы КАМАЗ автоунаасын айдап жүргөн балдар

спец. техникаларды айдай алат. Күйүүчү май ташуучу атайын автоунаага (топливозаправщик)– 2 айдоочу, суу ташуучу атайын автоунаага - 2 айдоочу биздин айылдан болсун.

КР Жер Казынасы жөнүндө Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда " *Социалдык пакетти түзүү боюнча милдеттенме пайдалуу кендерди чалгындоо жана иштетүү стадиясында турган жалпы мамлекеттик маанидеги жер казынасынын объекттерине гана жайылтылат. Мында социалдык пакетке конкурстук объекттер жайгашкан аймактагы жергиликтүү коомчулуктун социалдык-тиричилик шарттарын (кадрларды даярдоо, жергиликтүү калкты жумушка орноштуруу, инфраструктураны куруу жана башка шарттар) инвестициялоо программасы кирет"* деп көрсөтүлгөн. Демек Талды-Булак алтын кенинде иштеп жаткан жумушчулардын 90% биздин айылдан алынышы керек.

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Жумушчуларды аз-аздан алмаштыруу керек. Ансыз да жумуш кечигип жатат. Менин максатым тез аранын ичинде чалгындоо иштерин аяктоо керек. Мен айтып кеттим го. Жабдуулар баары жаңы. Билбеген жумушчулар барып талкалап салса анын чыгымын ким төлөйт. Ошондуктан вахтага чыга тургандар 3-4 күн мурда барып үйрөнсүн. Мен иштеп жаткандарга үйрөткүлө деп айтайын. Ошондой мүмкүнчүлүк берели. Мен даярмын дегенден кийин вахтага чыксын. Вахта башталганда жумуш да башталышы керек. Биз окутуучу үйрөтүүчү мекеме жатпайбыз. Мага жумуш, такшалган жумушчу, көрсөткүч керек. Бир моментте азыр иштеп жаткандарды алмаштырууга болбойт. Аз-аздан алмаштырып, анан сиздер айткан 90% жетебиз. Мага да иш билген, жоопкерчиликтүү жумушчулар керек.

**Сөз кезегин алган комиссиянын төрагасы Асанов Нурланбек Токтобекович –** Бизде мурда иштегендер бар. Биринчи иштеп жаткандар да бар да. Туура чечели. Ички жана тышкы миграцияны азайтуу үчүн 90% жумушчулар айылдан алынсын . Эл жумуш менен камсыз болсун. Эшикте топтолуп турган эл баары иштегиси келип жатат. Бизге жеткен маалымат боюнча Ош облусунан, республиканын башка региондорунан келип иштегендер бар экен. Башка айылдан, башка региондордон жумушчу алууну токтоткула. Жумушка алууда документтерин тыкыр карайлы.

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Мен да сиздер айтканга кошуламын. Мага деле жумушчунун айылдан болгону пайдалуу. Себеби Оштон келген жумушчуга мен да жол акыларына расход болуп жатам . Бара бара өтөбүз. Шыр эле 90% өтө албайбыз. Барган жумушчулар ишеничке кирип иштей ала турган болсо , иштеп жаткандарды башка жактарга жылдырабыз. Биздин максат да ушундай.

**Сөз кезегин алган комиссия мүчөсү Норузбаев Жылдызбек Турарбекович** – Биз мурда Талды-Булакта иштегенбиз. Ар бир компаниянын штат бирдиги бар да. Бизге ошол штат бирдикти берсеңер. Комиссия штатка карата кызмат орундарына жумушчуларды дайындап бермекпиз. Сиздер кечээ айттыңар 8 помбур керек деп. Андай болбойт да. Мурдатан эле аракет кылсак болмок. Комиссия арыздарды карап, документтерин тактап бергенге убакыт керек да.

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович** – Мен айыл өкмөтүнө айткамын. Мына Марат байке отурат. Айтып эле жаттым . Сиздер бизди Талас Коппер Голд компаниясы, Алтын -Альянс менен алмаштырбагыла. Алар жеке компаниялар. Биз мамлекеттик ишканабыз. Бизде офис болбойт. Бизде ар бир тыйын эсепте, жооп беребиз. Биз жаңыдан бутубуздан туруп келе жаткан ишканабыз. Дагы кудайга шүгүр быйыл жабдууларды миллиондогон акчаларга алып берди. Эми иштөө гана керек. Минималдуулукка өтүүбүз керек. Мен өзүм билип жумушчу орун түзө албаймын. Директор менен бирдикте чечилет. Мисалы азыр иштеп жаткан медиктин повар деген күбөлүгү бар экен. 2 кызматты аркалап жатат, бирок бир кызматкердин айлыгын алат. 2- жумушту кошумча жүктөп койгонбуз. Май ташуучу атайын автоунааны жана суу ташуучу атайын автоунааны бир эле айдоочу айдайт. Май куюп берип койгондон кийин кечке бош болот да анан суу ташый берет.

Керн таштарын салуучу ящиктерди айылдан жасап беребиз деген сунуш түштү. Мен колдоп жатамын. Таластан да бир жеке ишкер чалып, мен да жасаймын иштешели деп сунуштады. Алар 1000 сомдон дейт. Мен макул болгон жокмун. Айылдагы жеке ишкерлер менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Керн таштарын салуучу ящиктер мамлекеттик сатып алуу порталынан 600 сомдон утуп алган. Алардан ар бирин 600 сомдон сатып алабыз деп айттым. Жергиликтүү өнөр жайды ишкерликти колдоо боюнча иш алып барабыз. Жергиликтүү ишкерлер менен иштешемин. Айыл өкмөтү да кат жолдоду. Иш билги жумушчулар мага да керек. Силердин айылда мурда иштеген механик бар дегенсинер. Ошону да жумушка тартыңыздар. Мен мамлекеттик ишкана болгондон кийин мамлекеттин акчасын милдеттүү түрдө үнөмдөшүм керек. Биз тез арада чалгындоо иштерин бүткөрүп, разработкага өтүшүбүз керек. Бара-бара 90% жергиликтүү айыл тургундарынан жумушка тартабыз.

**Сөз кезегин алган комиссия мүчөсү Молдокулов Бектурсун Майрамбекович** – Керн таштарын салуучу ящиктерди айылдан деле жасай турган ишкерлер бар. Май ташуучу атайын автоунаа менен суу ташуучу атайын автоунаанын өзүнчө бөлүңүздөр. Ар биринин өзүнчө аткара турган иш милдеттери бар да. Башкы геолог өзүңүздөрдөн экен. Участкалык геолог

айыл тургундарынан алсаңыздар. Бизде деле геология тармагын бүткөн балдар бар.

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Таш кескичтерди да документ менен алабыз. Күйүүчү май ташуучу атайын автоунаанын(топливозаправщик) айдоочулары, таш кескичтерди техникалык коопсуздук боюнча окуудан өттү деген документтерин талап кыламын. Бардык эле жумушчулар техникалык коопсуздук боюнча окуудан өтүүсү талапка ылайыктуу. Кырсык болсо ким жооп берет, менден талап кылат. Биз тез арада чалгындоо иштерин бүткөрүп, разработкага өтүшүбүз керек. Бара-бара 90% жергиликтүү айыл тургундарынан жумушка тартабыз. Жергиликтүү геология тармагын бүткөн балдардын резюмесин жөнөтүп койсоңор болот. Жетекчиликке сунуш катары көрсөтөмүн .

**Сөз кезегин алган комиссия мүчөсү Норузбаев Жылдызбек Турарбекович –** Ар бир мамлекеттик ишкананын уюмдун өзүнүн штат бирдиги бар . Ошону берсеңиздер. Кадр менен иштеген кызматкериңер барбы? Азыр салып койбойбу. Биз таанышып чыгалы. Кандай штаттар бар өзүңөрдөн кимдер иштеп жатат, комиссия билүүсү керек да. Эки кызмат орунда бирден адам иштегени кызыктай экен. Биз эми мыйзамдуу мамлекетте жашап жатабыз да. Бирөөнүн эси ооп жатса поварыңар тамак жасайбы же биринчи жардам көрсөтөбү. Күндүзгү түнкү сменге өтөсүңөрбү ?

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Мен болгон штатты айтып өттүм. Күндүзгү түнкү сменге өтсөк жакшы болмок. Менин негизги максатым жумушту тездетүү керек. Биринчи вахтага мурда иштеген тажрыйбалуу жумушчуларды жибергиле. Мастер болсо аябай керек. Документтерин жөнөтүп койсоңор болот эле. Иштеген мастерлер мага да керек . Мастердин жоопкерчилиги чоң. Тажрыйбалуу киши керек.

**Сөз кезегин алган комиссия мүчөсү Молдокулов Бектурсун Майрамбекович –** Маркшейдерлер бизде деле бар

**Сөз кезегин алган комиссиянын төрагасы Асанов Нурланбек Токтобекович –**Коопсуздукту сактоо керек. Маркшейдерге биздин айылдан татыктуу талапкер болсо иштей берсин. Техника менен иштегенден кийин ичкилик ичпесин. Ар күнү жумушка киргенде текшерүү керек. Арак ичип кармалса жумуштан кууп түшүү керек.

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Азыр иштеп жаткан маркшейдер Нурсултан деген балага заменге айылдан алсак болот. Айылдан иштегени мага да керек. Комиссия сиздер да тандаганда жоопкерчилик менен карасаңыздар. Комиссия 4 помбурларды

жибериңиздер. Кийинки вахтага бара тургандар барып үйрөнсүн. Жергиликтүү балдар иштесе мага ташып иштеген пайдалуу.

**Сөз кезегин алган комиссия мүчөсү Норузбаев Жылдызбек Турарбекович** – Керн таштарын кайсы жерден кесесиңер? Азыр лагер турган жер айыл өкмөтүнө тиешелүүбү ?

**Сөз кезегин алган Омурбеков Медет Жакшылыкович** – Ооба жеринде кесип, анан ташып кетебиз. Кандай жерде отурганыбызды билбеймин. Эгер жеке жактын жеринде отурсак , көчүп коёбуз ал оңой эле чечиле турган иш. Таш кескендер бар деп жатасыңар го, өзүңөрдөн алабыз. Айыл өкмөтү тарабынан жолдомо бериңиздер.

**Суроо: Комиссия мүчөсү Молдокулов Бектурсун Майрамбекович-** Чалгындоо иштери жүрүп жаткан жерге жеке жактардын 9 гектар жери кирип кетиптир. Ал эмне болот?

**Жооп: Омурбеков Медет Жакшылыкович** – Жеке жактардын жерлери кирип калса Талас Коппер Голд төлөп берет.

**Талап: комиссия мүчөсү Норузбаев Жылдызбек Турарбекович** – Ар бир кызмат орду комиссиянын макулдугу менен алынсын. Сырттан жумушчу алынбасын.

**Сунуш: Комиссия мүчөсү Молдокулов Бектурсун Майрамбекович-** Вахтовка айдайбыз деген адамдар бар. Буровиктер да вахта менен иштешеби?

**Жооп: Омурбеков Медет Жакшылыкович** – Күйүүчү май куюучу (топливозаправщик) деген күбөлүк алсын . Мен топливозаправщик айдаганга эле төлөймүн. Ооба алар да алмашат. Шоферлор да вахта менен иштейт. Кесипкөйлөрдү жибере бериңиздер. Ала беребиз. Мага да бат-бат алмашып турганы жакшы. Баардык жоопкерчилик менден суралат.

**Сунуш: Комиссия мүчөсү Норузбаев Жылдызбек Турарбекович** – Мен да Жер-Үйдө иштегенмин. Ар бир техниканын ээси бирден болсун. Иштегендердин айлыктары кандай болот.?.

**Жооп: Омурбеков Медет Жакшылыкович** – Экскаватор, бульдозер (2 кубдук) айдагандарга күнүнө 3000 сом, колуна ала турганы 1 вахтада 45000 сом болот. Күнүнө төлөнө турган акчасын 3500 сомго көтөрсөк деген ойлор болуп жатат. Помбурларга 1 метрине 340 сомдон ар бир иштеген кишиге төлөнөт. Бардык маселе боюнча мага кайрылыңыздар. Мен жетекчилик менен чечүүгө аракет кылам. Комиссиянын макулдугу, жолдомосу менен алынат. Комиссия жоопкерчилик менен карап, татыктуу иштей ала турган жумушчуларды жибериңиздер.

**Суроо: Комиссия мүчөсү Молдокулов Бектурсун Майрамбекович-** Медициналык кароодон өтүү керекпи, кандай документтерди даярдоо керек? Медикти өзүнчө эле кызмат орун кылган талапка жооп берет деп ойлоймун

**Жооп: Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Сөзсүз өтүү керек. Жүрөгү кармап калса эмне болот? Жумушка чыгып жатканда медик текшерет. Ичкендерди билсеңиздер да жибербей эле коюңуздар. Медикти жетекчилик менен чечкенге аракет кыламын.

**Сөз кезегин алган комиссия мүчөсү Оморов Жангазы Алыгулович -** Медик менен поварды ар бирине бирден кызмат орун кылып түзүп , бизден алгыла. Биз деле иштеп жүргөндөр бар.

**Жооп: Омурбеков Медет Жакшылыкович –** Айттым го чечкенге аракет кыламын. Иштөөчүлөргө

1. Мед . справка;
2. Эмгек китепчеси;
3. Паспорт;
4. Кесибин тастыктаган күбөлүк же диплом;
5. Резюме

Комиссия тандаган жумушчулар 1-июлдан барып иштешет. Ага чейин барып үйрөнө беришсин. 1-июлдан шыр иштеп кетишкендей болсун. Ошондуктан 1-2-вахтага мурда иштеген тажрыйбалуу жумушчуларды жибериңиздер.

Суроо аяктагандан кийин комиссиянын отуруму айтылган сунуш-пикирлерди, талаптарды эске алуу менен чечим кабыл алды.

**ЧЕЧИМ:**

**1.** КР Жер Казынасы жөнүндө Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктуна ылайык, чалгындоо жана иштетүү стадиясында турган Талды--_Булак алтын кенинин аймагына жакын жайгашкан жергиликтүү жашоочуларынын социалдык-тиричилик шарттарын жакшыртуу, ички тышкы миграцияны азайтуу максатында “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасына Талды -_Булак алтын кенин чалгындоо жана иштетүү үчүн түзүлгөн жумушчу орундардын негизинде жумушка кирүүчүлөрдүн 90% Арал айылынын айыл тургундарынан түзүлсүн..

**2.** Түзүлгөн бош жумушчу орундарына айылдык кеңештин алдында түзүлгөн комиссиянын макулдугу жана жолдомосу менен кабыл алынсын. Бөлөк региондордон, башка айылдардан жумушчуларды алуу токтотулсун.

3. “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынан айылдагы жеке ишкерликти колдоо , өнөр жайды өнүктүрүү (керн ташын салуучу ящиктерди даярдоо, жумушчуларга атайын кийимдерди тигүү, азык-түлүк продукцияларын сатып алуу ж.б) боюнча комиссия менен бирдикте иш алып баруу жагы белгиленсин.

4. Чечимдин аткарылышын камсыз кылуу жагы “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынан суралсын.

5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы комиссиянын төрагасы Асанов Н.Т. суралсын.

6. Комиссиянын чечимин бекитип берүү жагы Каракол айыл аймагынын Айылдык кеңешинин сессиясынан суралсын.

**Комиссиянын төрагасы** **Н.Т.Асанов**

Отурумга катышкан “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын башкы инжэнери Омурбеков Медет Жакшылыкович ________ колу

* Өзгөчө ой пикир Кыргызгеологиянын атынан көрсөтүлдү №01-01/770 16.07.2025 ж

Көчүрмө анык:
Жооптуу катчы
У. Ибраимова
01.08.2025

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 90 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Үч-Эмчек айылында түзүлгөн оор кырдаалга жана анын кесепеттерин жумшартуу боюнча кечиктирилгис иш-чаралар жөнүндө**

Каракол айыл аймагындагы Үч-Эмчек айылында түзүлгөн оор кырдаалга жана анын кесепеттерин жумшартуу боюнча кечиктирилгис иш-чаралар жөнүндө айыл башчы Э.Тайтекеевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Үч-Эмчек жана Арал айылында аба-ырайынын куракчылдыгынан түзүлгөн оор кырдаалга байланыштуу суу жетпеген жерлерге скважина каздыруу боюнча тиешелүү мамлекеттик уюмдарга кат жолдонсун.
2. Айыл өкмөтүнүн алдында комиссия түзүлүп, суу жетпей куурап калган жерлердин түшүмдүүлүгү жеринде аныкталсын жана түшүмдүүлүгү жок экендиги аныкталса КБФ жерлердин ижара акысы кечирилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 91 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы мекеме-уюмдарга мектептерге өрт коопсуздугунун алдын алууга керектүү жабдууларды алууга акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагындагы мекеме-уюмдарга мектептерге өрт коопсуздугунун алдын алууга керектүү жабдууларды алууга акча каражатын бөлүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы мекеме-уюмдарга мектептерге өрт коопсуздугунун алдын алууга керектүү жабдууларды алууга жергиликтүү бюджеттен айыл аймагындагы айылдарга акылдуу эсептегич алуу үчүн бөлүнгөн 377,0(үч жүз жетимиш жети миң) сом акча каражаты эсебинен бөлүнсүн.

2. Бөлүнгөн акча каражаттарынын орду бюжеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгы менен кайра толукталсын.

3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 92 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздары жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы Зулпухор көрүстөнүнө бара жаткан жолдогу Талас дарыясына салынган, 2025-жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен ремонттолгон көпүрөнү мурдагы "Шаршенбай ата " атындагы көпүрө деп аттоо жөнүндөгү айыл тургундарынын кайрылуусун карап, айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы Зулпухор көрүстөнүнө бара жаткан жолдогу Талас дарыясына салынган көпүрө мурдагы аталышы боюнча калтырылсын б.а . "Шаршенбай ата" атындагы көпүрө деп аталсын
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Сарбагышевадан суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 93 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл тургундарынын арыздары жонүндө**

Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы №8 УДТ атын айылдык кенештин 6 жолку чакырылыштагы айылдык кеңештин депутаты, 30 жыл өмүр сакчылыгында акушерка болуп эмгектеген, маркум Мамбетова Турду Асанбаевнанын атынан коюн берүү жөнүндөгү айыл тургундарынын арызын, айылдагы №8 УДТнун жамаатынын арызын карап жана айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы №8 УДТнун аты “Мамбетова Турду Асанбаевна атындагы №8 УДТ” деп аталсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Сарбагышевадан милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 94 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Көпүрө-Базар айылынын тургуну томолой жетим Сыдыков Кайратка турак-жай куруу үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө**

Көпүрө-Базар айылынын тургуну томолой жетим Сыдыков Кайратка турак-жай куруу үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө депутат Чекиров Молдогазынын сунушун карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Көпүрө-Базар айылынын тургуну томолой жетим Сыдыков Кайратка турак-жай куруу үчүн жер тилкеси тиешелүү юридикалык документтер даярдалгандан кийин жер боюнча комиссияда каралып, кийинки сессияга сунушталсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсотүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 95 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Айыл окмөтүнө кызматтык автоунааны лизинг аркылуу алуу жөнүндө**

Каракол айыл өкмөтүнүн материалдык - техникалык базасын жакшыртуу, башкаруу ишмердүүлүгүн натыйжалуу жүргүзүү жана кызматтык милдеттерди өз убагында аткаруу максатында , Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндо” Мыйзамын, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамын жана №633-г, 25.07.2025-жылы чыккан Министрлер Кабинетинин тескемесин жетекчиликке алып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл өкмөтүнө кызматтык максатта пайдалануу үчүн автоунааны лизинг жолу менен алууга макулдук берилсин.
2. Автоунаа алуу үчүн талап кылынган каржылык шарттар, төлөм графиги жана келишимдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын козөмөлдөө жагы бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 96 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагында иштеп жаткан участкалык инспекторлордун кызматтык автоунаасынын күйүүчү май үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагы чек арага жакын жайгашкан айыл аймагы болгондуктан кылмыштуулуктун алдын алуу, мал уурулукту жоюу боюнча иш-чараларды уюштуруу жана милициянын участкалык инспекторлорунун иштөөсүнө шарт түзүү максатында Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагында иштеп жаткан участкалык инспекторлордун кызматтык автоунаасынын күйүүчү май жана ар кандай чыгымдарына керектелүүчү 50,0(элүү миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен айыл аймагындагы айылдарга акылдуу эсептегич алуу үчүн бөлүнгөн акча каражаты эсебинен бөлүнсүн.
2. Бөлүнгөн акча каражаттарынын орду бюжеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгы менен кайра толукталсын.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 97 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол жайлоосуна кетүүчү жолдогу көпүрөлордү оңдоого акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Каракол жайлоосуна кетүүчү жолдогу көпүрөлордү оңдоо жөнүндөгү айыл тургундарынын арыз даттануударын карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол жайлоосуна кетүүчү жолдогу көпүрөлордү оңдоо үчүн керектелүүчү 200,0 (эки жүз миң) сом акча каражаты Көпүрө-Базар айылына ири мүйүздүү малдарды жасалма уруктандырууга керектүү жабдууларды сатып алууга (Каракол айылдык кеңешинин 2025-жылдын 31-январындагы № 30 токтому) бөлүнгөн акча каражаты эсебинен бөлүнсүн.
2. Бөлүнгөн акча каражаттарынын орду бюжеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгы менен кайра толукталсын.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги VII - - сессиясынын № 98 токтому**

**18- июль 2025-жыл Арал айылы**

**Чыныке-Бий көчөсүнүн жарыктандыруусун толук бүткөрүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Чыныке-Бий көчөсүнүн жарыктандыруусун толук бүткөрүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө бюджеттик комиссиянын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Чыныке-Бий көчөсүнүн жарыктандыруусун толук бүткөрүү үчүн Каракол айыл аймагындагы айыл чарба техникаларына керектүү тетиктерди алып берүү үчүн (Каракол айылдык кеңешинин 2025-жылдын 31-январындагы № 30 токтомунун негизинде) бөлүнгөн акча каражат эсебинен 1000,0( бир миллион) сом акча каражаты бөлүнсүн.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Тилекова**